**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 12.20.614 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 342.723(470)*

**Турсунбаева Чолпон Манасовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АЯЛДАРДЫН РЕПРОДУКТИВДҮҮ УКУКТАРЫН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы;
укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Жалал-Абад – 2021**

Диссертация Ош мамлекеттик юридикалык институтунун мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында даярдалган.

**Илимий жетекчиси:** **Жусупов Болотбек Асанович,**
юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик юридикалык институтунун жазык укугу жана процесси кафедрасынын доценти

**Расмий оппоненттери:** **Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна,**
юридика илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жазык процесси жана соттук экспертизалоо кафедрасынын профессору

**Юлдашев Кабылжан Камалидинович,**
юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
К.Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин жазык укугу жана процесси кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү уюм:** милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын мамлекеттик-укуктук дисциплиналар кафедрасы (Кыргыз Республикасы, 720083, Бишкек шаары, Чолпон-Ата көчөсү, 1а)

Диссертация 2021-жылдын 24-июнунда саат 14.00дө Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине, К.Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университетине жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.20.614 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: Кыргыз Республикасы, 720900, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Диссертация менен Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (Кыргыз Республикасы, 720900, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57), К. Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин (Кыргыз Республикасы, 720900, Жалал-Абад ш., Жеңижок көч., 30) жана Кыргызстан эл аралык университетинин (Кыргыз Республикасы, 720007, Бишкек ш., Л.Толстой көч., 17А/1) китепканаларынан, ошондой эле ДКтин: http://www.jagu.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021 - жылдын 22-майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Н.А. Пазылов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Укуктук мамлекеттин шарттарында адам укуктары жана эркиндиктери анын ичинде жеке кол тийбестиги бир канча алдыңкы планга коюлса, тилекке каршы көптөгөн учурларда аялдар ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүндө зомбулук аракеттерге дуушар болууда. Зомбулук аракеттердин ичинде аялдарга каршы кылмыштар бир канча орундуу экендиги тынчсызданууну жаратат. Атайын статистикалык маалыматтар муну бекемдейт.

Айта кетүү орундуу, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын бузулушуна үй-бүлөдөгү аялдарга каршы зомбулук аракеттердин туруктуу өсүшү да өз кедергесин тийгизүүдө.

2015-жылы үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардын кризистик борборлорго, аксакалдар сотуна 6758 аял кайрылган *[Кыргызстандын аялдары жана эркектери 2011-2015-жж. [Текст]: Жылдык чыгарылыш. – Бишкек, 2016. - 96-б.].*

Изилдөөнүн зарылчылыгы Кыргызстандагы адамдардын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын корголушу, ишке ашырылышы, камсыз болушу бир канча көңүл жубатарлык абалда эместиги менен да түшүндүрүлөт.

Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо уюмунун маалыматына ылайык Кыргызстанда энелик өлүм эгемендүүлүк алгандан бери бар болгону 5% гана кыскарып анын деңгээли Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында жогорку орунда калууда.

Бул тармакты изилдөөдөгү бирдиктүү усулдун жоктугу, теоретикалык жактан концептуалдык көз караштардын калыптанбашы, түшүнүк аппараттарынын толуккандуу иштелип чыгылбагандыгы, жөнгө салуу предметинин укуктук тармакка таандыктыгы, карын энеликтин укуктук абалы, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун укуктук негиздери, этикалык жактары бир канча талаш тартыш экендигин да аныктоо менен бир канча деталдуу изилдөө жүргүзүүнү талап кылат.

**Диссертациялык теманын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелүү болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп, Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын, аларды ченемдик-укуктук жөнгө салуунун абалын жана тенденцияларын теориялык жактан иштеп чыгуу жана бул чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Аталган максатка ылайык, диссертацияда төмөнкү **негизги милдеттер** коюлду:

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик бекитүүнүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн эволюциясын изилдөө, алардын система ичиндеги жалпы жана обочолонгон мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо;
- аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык укуктук концепцияларын талдоо;
- аялдардын репродуктивдүү укуктарын теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө;
- Кыргыз Республикасында энеликти укуктук жөнгө салуунун маселелерин изилдөө;
- карын энеликти укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн талдоо;
- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруу механизмдериндеги кошумча репродуктивдүү технологиялардын ордун аныктоо;
- аялдардын репродуктивдүү укуктарын укуктук жөнгө салуунун абалын изилдөө жана аларды ишке ашыруунун объективдүү тенденцияларын аныктоо;
- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салуунун көйгөйлөрүн аныктоо жана Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды жакшыртуунун негизги багыттарын иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгын** төмөндөгүлөр негиздейт:

-биринчиден, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталган;

-экинчиден, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын мазмундук маңызы жана теоретикалык концепциялардын өзгөчөлүктөрү негизделген;

-үчүнчүдөн, аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык негиздери белгиленген;

-төртүнчүдөн, энеликтин предметтик укуктук өз алдынчалуулугу жана обьективдүүлүгү аялдардын репродуктивдүү укуктарынын социологиялык концепциясына негиздүүлүгү аргументтелген;

-бешинчиден, карын энеликтин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү ачыкталган жана карын эне түшүнүгү сыпатталган;

-алтынчыдан, субьектилердин укуктук абалын эске алуу менен көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу чөйрөсүн ченемдик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар сыпатталган;

-жетинчиден, Кыргыз Республикасында репродуктивдүү укуктарды ченемдик жөнгө салуунун негизги тенденциялары белгиленген;

-сегизинчиден, Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун негизги көйгөйлөрү аныкталып, аны жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү** диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери жаатында, анын ичинде

аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, камсыз кылууда, коргоодо бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди тутумдаштыруу менен аны ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу менен мамлекеттик бийлик, өзүн өзү башкаруу органдарынын, саламаттыкты сактоо боюнча институттардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары мыйзам чыгаруу, башкаруу ишмердүүлүгүндө, укук колдонуу практикасында, бул чөйрөдөгү теоретикалык илимди байытууда, алардагы боштуктарды толтурууда, атайын изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, корутундулар, тыянактар мамлекеттин гендердик укуктук саясатты ишке ашырууда, аялдардын укук жана эркиндиктерин жөнгө салууда, репродуктивдүү ден-соолукту коргоо, камсыз кылуу боюнча иш чараларды ишке ашырууда ошондой эле репродуктивдик көмөкчү технологияларды колдонуунун сапатын, жөнгө салынышын жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик калыптануу эволюциясына төмөнкү белгилер мүнөздүү:

- алгач жалпы формада берилип адам укуктары жана эркиндиктери менен бирге калыптанган;
- физиологиялык өзгөчөлүк ал укуктар тутумунда маанилүү орунду ээлеген социалдык функция энелик менен байланышат;
- алардын өз алдынча обочолонушу илим, техниканын, медицинанын өнүгүшү, феминистикалык кыймылдын күчөшү менен шартталган;
- аялдардын укуктары физиологиялык жана башка себептерден улам башка адамдар менен бирдей өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга тең мүмкүнчүлүккө ээ эмес укуктарды камтып, мамлекет жана эл аралык коомчулук тарабынан өзгөчө колдоо зарылчылыгы менен коштолгон өзүнүн социалдык маңызына ээ болушу;
- ал укуктарда жеке жана жалпы ачык кызыкчылыктардын айкалышы.

2. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын мазмундук маңызы жана теориялык концепциялардын өзгөчөлүктөрү негизделди. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык концепциялары бул укуктардын адам укуктары жана эркиндиктери менен чогуу кароо менен бирдикте бир канча өз алдынча укуктук категориялардын орун алышы менен мүнөздөлөт, аларга:

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын жана эркиндиктерин укуктук жөнгө салууда алардын баштапкы статусу (жеке жана никелик мамилелер) маанилүү, бул сапат өз кезегинде эки укуктун чегинде жөнгө салуу зарылчылыгын жаратат (жарандык жана үй-бүлөлүк);
- репродуктивдүү технологияларды пайдалануу укуктары “энелик”, “жакын туугандар” деген биологиялык байланышты бир канча кеңейтип, аны генетикалык, биологиялык жана социалдык жактан кароо зарылчылыгын жаратат;

- укуктук жактан бул укуктарды юридикалык жана медициналык негиздерде карoo ылайыктуу, юридикалык негиздерге аялдын эркектер менен тең укукта өз укуктарын ишке ашырууда, эркинин өз алдынчалуулугу жана аны ишке ашыруунун укуктук механизмдери, ал эми медициналык негиздерге аялдын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы ден-соолугунун абалы саналат;

- бул укуктар субьектик жактан таандыктыгы боюнча абсолюттук (энелик, карын энелик, кош бойлуулук), обьективдүү жактан салыштырмалуу (балдардын төрөлүү аралыгын аныктоо, кош бойлуулукту токтотуу, стерилизациялоо, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды колдонуу);

- репродуктивдүү укук менен репродуктивдүү ден-соолуктун өз ара байланышы жана көз карандылыгы.

3. Аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктары жана эркиндиктеринен туунду. Ошол эле учурда гендердик, физиологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аны ченемдерде өз алдынча карoo анын бирдиктүү тутумдуулугун бузбайт.

Аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктары жана эркиндиктери тутумундагы өз ара бири бири менен байланышкан функционалдык биримдикке ээ болгон элементтердин жыйымынан турат. Бул өз кезегинде аны изилдөөдө тутумдук жандашууга мүмкүнчүлүк берет. Ошону менен бирдикте аялдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү алардын репродуктивдүү укуктарынын тутумдук түзүмдүк жактан жандашуу менен жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү бөлүп карооrо мүмкүнчүлүк берет.

4. Эneliктин предметтик укуктук өз алдынчалуулугу жана обьективдүүлүгү аялдардын репродуктивдүү укуктарынын социологиялык концепциясына негиздүүлүгү аргументтелген. Укуктун социологиялык концепциясы энеликти укуктук жактан укуктун атайын субьектиси жана жөнгө салуу предмети катары жөнгө салуу зарылчылыгын алдыга сүрөйт. Ал өз кезегинде түшүнүк аппаратын кеңейтүүнү шарттайт.

Энелик - аялдын репродуктивдүү укуктарынын курамдык бөлүгү болгон аялдын социалдык функциясын ишке ашыруу менен кош бойлуулук учуру, баланын ымыркай кезинен баштап, андан кийин аны тарбиялоо процесстерин, эненин ден-соолугун чыңдоого, үй-бүлөнү бекемдөөгө, энеликти сыйлоого, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга, алардын акыл эстик, физикалык жана адеп ахлактык өнүгүүсүнө, жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган социалдык укуктук баалуулук.

5. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болгон мамилелердеги субьектилердин укуктук абалын эске алып, жеке жактык мамилелерден келип чыгуучу жана жубайлардын мамилелеринен келип чыгуучу карын энелик деп бөлүп карoo менен, Кыргыз Республикасынын «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери

жөнүндө” мыйзамы менен КР Үй-бүлө кодексинин шайкештигин камсыз кылуу зарыл.

Мына ошондуктан Үй-бүлө кодексиндеги карын эне түшүнүгүн төмөнкүдөй: “Карын эне - карын эне менен жубайлардын ортосунда түзүлгөн келишим боюнча баланы бойго бүтүрүп, боюнда көтөрүп жана төрөгөн аял” деп сыпаттоо зарыл.

6. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды мамлекеттеги демографиялык абал, анын өсүшү же азайышы менен жөнгө салуучу механизм катары карабастан үй-бүлөлүк, укуктук салттарга ошондой эле жарандын укук жана эркиндиктери аркылуу кароо зарыл.

Улуттук мыйзам актыларында көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болуучу укуктардын жана милдеттердин укуктук табиятына төмөнкүлөр мүнөздүү;

-ал генетикалык байланышы бар же жок жакын туугандыкты алып келет.

-чектөөчү мүнөзгө ээ, карын эненин биологиялык жакын туугандыгын (энелигин) жокко чыгарат.

-ата-энелик статуста эки ата-эне (генетикалык, биологиялык) түшүнүгүн алып келет.

7. Аялдардын репродуктивдик укуктарын жөнгө салуунун абалы мамлекеттүүлүк менен анын ичинде укук менен тыгыз байланышта. Кыргызстанда аялдардын репродуктивдик укуктарынын пайда болуусуна жана ченемдик жөнгө салынышына эгемендүүлүк алгандан кийин гана бир канча кеңири жол ачылып, улуттук укуктук тутумдун калыптанышы менен бир мезгилге дал келет.

8. Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу улуттук мыйзам актыларынын чөйрөсүн, ошондой эле түшүнүк аппараттарын аны ишке ашыруу менен байланышкан көмөкчү репродуктивдүү технологияларды, жоопкерчиликти жакшыртууга багытталган практикалык сунуштар сыпатталган жана негизделген.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктардын жеке автордун өзү тарабынан алынгандыгы менен мүнөздөлөт.

Коргоого чыгарылып жаткан жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Ош мамлекеттик юридикалык институтунун мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында даярдалган, талкууланган жана коргоого сунушталган.

Илимий иштин натыйжалары бир канча республикалык, эл-аралык илимий-практикалык конференцияларда (АКШ, Германия, Австрия, Россия) доклад иретинде баяндалган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Негизги тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык

комиссиясынын тизмегине кирген, ошондой эле (РИНЦ) басылмаларында он бир макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, сегиз бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмегинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделген; изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталган; алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү мүнөздөлгөн; диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору иштелип чыгылган; изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымат камтылган.

**Биринчи глава "Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теоретикалык укуктук концепциялары"** деп аталып, эки бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүм "Аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун калыптанышы жана өнүгүшү*** " деп аталат. Бул бөлүмдө аялдардын репродуктивдүү укуктарынын пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүүсү талдоого алынып жалпыланган.

Укуктуу демократиялык коомдо адам укуктары жана эркиндиктери алдыңкы мааниге ээ. Укук менен жөнгө салынган баардык мамилелер чөйрөсүндө адам жана жаран тийиштүү укуктун субъектиси катары чыга келет.

Азыркы мезгилде аялдардын укук жана эркиндиктерин коргоо, аларды камсыз кылуу, ишке ашыруусуна көмөктөшүү бир канча актуалдуу маселелерден болуп калууда.

Аялдардын укук жана эркиндиктерин укуктук жактан жөнгө салуу бир канча жагдайлар менен шартталган. Атап айтканда;

- дүйнө жүзүндөгү көптөгөн мамлекеттердин улуттук мыйзам актыларында жыныстардын социалдык ролдоруна негизделип патриархалдык адаттардын басымында болуусунан аялдардын социалдык экономикалык, саясий укуктары жана эркиндиктерин укуктук жөнгө салууда таасирдүү фактор катары каралып келген;
- аялдардын укук жана эркиндиктерин ченемдик жөнгө салынуусунда улуттук менталдык өзгөчөлүктөр, диндин таасир этүүсү, айрыкча ислам дининин таасир этүү факторлору;
- аялдардын укук жана эркиндиктерин камсыз кылуудагы дискриминациялык абал көбүн эсе аялдын үй-бүлөнүн коломтосун сактоочу, балдарды тарбиялоочу табияты аркылуу каралгандыгы;
- коомдогу аялдарга карата көз караштарга укуктук аң сезим жана маданияттын дэңгээли таасир берет.

Айта кетүү орундуу, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин контекстинде эл аралык актыларда жалпы формада болсо дагы репродуктивдүү

укуктар орун алгандыгы байкалат. Атап айтканда XX кылымдын башталышында аялдардын укуктарын коргоочу кыймылдар, аялдын денеси аны бир катар урунттуу кылып коюуда деген көз карашка үндөшкөн. Энелик коом тарабынан таңууланган жүрүм турумдун гендердик модели катары бааланган.

Аялдардын укуктары эл аралык аренада укуктук жактан жөнгө салуу алдыга карай өнүгүү жолуна түшүп, 1952-жылы «Аялдардын саясий укуктары жөнүндө» Конвенция, ал эми 1957-жылы «Никеде турган аялдын жарандыгы жөнүндө» Конвенция кабыл алынган.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу ченемдер тутумунда «Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча» Конвенция саналат.

Автор бул бөлүмдү жыйынтыктап төмөнкү тыянактарга токтогон:

-аялдардын укук жана эркиндиктери жалпы коомдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тыгыз байланышта;

-аялдардын укук жана эркиндиктерин камсыз кылуу көйгөйү адамзат цивилизациясынан эле башталган;

-аялдардын укук жана эркиндиктери улуттук мыйзам актыларында калыптануусунда адам укуктары башат катары саналат;

-өзүнүн примитивдүүлүгүнө карабастан кыргыздардын адат укугунда аялдардын укуктары анын ичинде репродуктивдүү укуктары өзгөчө коргоого алынгандыгы жана дифференцациялангандыгы белгиленет;

- аялдардын укук жана эркиндиктерин адам укуктары жана эркиндиктери менен чогуу кароо анын ажырагыс бөлүгү экендигин аныктайт;

- адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумундагы аялдардын укук жана эркиндиктери алгач жалпы формада аныкталган;

- аялдардын укук жана эркиндиктери үчүнчү муундагы адам укуктарын түзүп, аны өз алдынча кароо «жалпы ачык» кызыкчылыктардын орун алышы менен шартталып, гендердик, физиологиялык атайын өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарылчылыгынан келип чыккан.

***Экинчи бөлүм “Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теоретикалык укуктук концепциялары”*** деп аталат. Бул бөлүмдө автор аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теоретикалык концепцияларын талдоо жүргүзүү менен анын мазмундук жактарын чагылдырган.

Азыркы мезгилде адамдардын репродуктивдүү укуктарын, анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын укуктук жактан жөнгө салуу, илимде, анын ичинде юридикалык илимде бир канча актуалдуулукту жаратат.

Репродуктивдүү укуктарды изилдөө медициналык илимдер менен терең байланышы бар экендигин ачыкка чыгарат. Анткени медициналык практикадагы көптөгөн натыйжалар башка илимдердин да андан ары өнүгүшүнө чоң таасир берген, мындай таасирден юридикалык илим да четте калган эмес.

Мындан келип чыккандай адамдын репродуктивдүү укуктары фундаменталдык адам укуктары жана эркиндиктери менен тыгыз байланышып,

жыйымдуу мүнөзгө ээ экендигин анын укуктук табияты бир канча татаал болгон экилтик маңызга ээ.

Ал эми аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумдук элементи болуп, аялдын физиологиялык өзгөчөлүктөрүн, маанилүү социалдык функциясын аткаруу менен коштолгон энелик менен мүнөздөлөт.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын тутумунда энелик, карын энелик укуктары борбордук орунга ээ.

Автор бул бөлүм боюнча төмөнкү тыянактарга токтолот:

- аялдардын репродуктивдүү укуктары жыйымдуу мүнөзгө ээ болуу менен адам укуктарынын курамдык бөлүгү болгон жашоого болгон укук, физикалык кол тийбестик, жеке турмуштун кол тийбестиги, теңдүүлүк принциби, ден-соолукту коргоо укуктары менен тыгыз байланышып анын түзүмдүк элементи болуп алардын өз ара байланышы, аялдын сексуалдык жана репродуктивдүү укуктарынын кол тийбестиги, мажбур хирургиялык кийлигишүүнүн, стерилдештирүүнүн мүмкүн эместигин аныктайт, жеке үй-бүлөлүк турмуштун кол тийбестиги аялдын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, донордун купуя сырдуулугун, репродуктивдүү укуктарды ишке ашырууда дарыгерлик сырды сактоо менен коштолот.

**Экинчи глава "Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын укуктук жөнгө салынышынын жалпы мүнөздөмөсү"** деп аталып, төрт бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүмдө "Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык жана усулдук негиздери"*** деп аталып, анда аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык методологиялык негиздери чагылдырылган.

**Изилдөөнүн обьектиси** аялдардын репродуктивдик укуктарын жүзөгө ашыруудан жана жөнгө салуудан келип чыккан коомдук мамилелер. Белгилей кетүүчү нерсе, илимде юридикалык илимди изилдөө обьектиси бир катар жалпы белгилерге ээ экендиги белгилүү, анын мазмуну, структурасы өз ара татаал элементтерден турат.

И.С. Ожеговдун сөздүгүндө обьект «биздин аң-сезимибизден көз карандысыз, биздин сыртыбызда болгон материалдык чындык катары каралат». *[Ожегов, С.И. Словарь русского языка [Текст] / С.И. Ожегов. - М., 1960. - С. 428]*.

Философиялык мааниде "обьект" сөзү адамдын аң-сезиминен көз карандысыз болгон кубулуш катары каралат *[Яценко, Н.Е. Толковый словарь обществоведческих терминов [Текст] / Н. Е. Яценко. - СПб., 1999. - С.280]*.

Айрыкча укукту изилдөөдө анын мамлекет менен ажырагыс байланышта экендиги талашсыз. Ошол эле учурда, укукту изилдөө обьектиси саясат, маданият жана дин сыяктуу башка маанилүү социалдык чөйрөлөргө байланыштуу экендиги анык.

Демек, юридикалык илимдин изилдөө обьектисин аныктоодо аны башка коомдук структуралар менен бирдикте караш керек. Укукту үйрөнүүдө аны

изилдөөнүн мазмуну коомдогу экономикалык мамилелер, биринчи кезекте менчик мамилелери алдын-ала аныктайт.

**Изилдөөнүн обьектиси** Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдик укуктарын ченемдик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан коомдук мамилелер. Изилдөө обьектиси изилдөө предметинен баштапкы экендигин белгилей кетүү керек.

**Изилдөөнүн предмети** болуп, аялдардын репродуктивдик укуктарынын теориялык түшүнүктөрү, эл аралык жана улуттук стандарттар, эл аралык жана улуттук мыйзамдардын ченемдери жана принциптери, Кыргыз Республикасындагы абалы жана укуктук өнүгүү тенденциялары саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн методдору**: илимий билимдин ар кандай методдору болуп диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле укуктук логикалык, тарыхый укуктук, салыштырмалуу укуктук методдор, тутумдук анализ түздү.

Аялдардын репродуктивдик укуктары адам укуктары менен эркиндиктеринин өз ара байланышкан элементтеринин жыйындысынан турат. Бул өз кезегинде аны изилдөөгө системалуу жандашууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда, тутумдук - түзүмдүк изилдөө методу аялдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, репродуктивдик укуктарынын жалпы жана өзгөчө белгилерин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

***Экинчи бөлүм “Кыргыз Республикасында энеликти укуктук жөнгө салуу”*** деп аталып, Кыргыз Республикасында энеликтин укуктук жөнгө салынуусу изилдөөгө алынган.

Энелик көптөгөн мамлекеттердин конституцияларында өз ордун табуу менен бирдикте өз алдынча укуктук категория катары таанылып, обьективдүү жана субьективдүү формада бекилген. Айта кетүү орундуу, кээ бир өлкөлөрдүн негизги мыйзамы энеликти аталык менен тең укуктуулукта караган. Маанилүү жагдай катары энелик адам укуктары жана эркиндиктери тутумунан орун алгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Аялдардын укуктары мамлекет тарабынан өзгөчө коргоого алынып мамлекеттин камкордугунда болуп келүүдө. Бул нерсеге далил катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесиндеги жоболорду келтирсек болот.

Бирок айта кетүү орундуу, негизги мыйзамдагы официалдуу текстте энелик “материнство” деп аныкталса, ал эми мамлекеттик тилде “эне болуу” деген аныктама менен берилген.

Диссертанттын пикиринде кыргызча текстте “эне болуу” түшүнүгү аялдын бир гана биологиялык функциясын камтыган. Атайын адабияттарда энелик бир канча мааниде каралуу менен өзүнүн мазмундук түзүмүнө бир гана биологиялык функцияны камтыбастан, социалдык функцияны да камтышын эске алуу керек (балдарды асыроо, тарбиялоо, ден-соолугу жөнүндө кам көрүү, билим алуусуна көмөк көрсөтүү жана башкалар).

Айта кетүү орундуу энелик бир гана улуттук мыйзам актыларында эмес, маанилүү эл аралык актыларда да бекилген. Атап айтканда Эл аралык эмгек уюмунун алкагында 1948-жылы “Аялдардын түнкү эмгеги жөнүндө” Конвенциясы, 1952-жылы “Энеликти коргоо жөнүндө” Конвенциясы кабыл алынган. Бул Конвенцияларда энеликти коргоо боюнча бир канча маанилүү жоболор кабыл алынган, аларга, аялдардын төрөгөндөн кийин милдеттүү жана кошумча эргүүсүнө укук берилген, акчалай жөлөк пул алууга, жумуш ордунун сакталышы, аялдарга түнкү убакта эмгектенүүгө тыюу салынышын айтсак болот.

Диссертант бул бөлүм боюнча төмөнкү тыянактарды чыгарган:

- энелик аялдардын репродуктивдүү укуктарынын тутумунда борбордук орунга ээ, ал кош бойлуулук менен өз ара тууганчылыкты байланыштырып туруучу социалдык институт болуп жыйымдуу мүнөзгө ээ.
- аялдардын репродуктивдүү укуктар контекстинде энеликти үч аспектиде кароо зарыл: генетикалык, биологиялык, жана социалдык.
- энеликти ченемдик укуктук жөнгө салуу деп - аялдын кош бойлуулук учуру, баланын ымыркай кезинен баштап, андан кийин аны тарбиялоо процесстерин, эненин ден-соолугун чыңдоого, үй-бүлөнү бекемдөөгө, энеликти сыйлоого, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга, алардын акыл эстик, физикалык жана адеп ахлактык өнүгүүсүнө, жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган ченемдик актылардын жыйындысы.
- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесиндеги кыргызча тексте “эне болуу” түшүнүгү аялдын бир гана биологиялык функциясын камтыган. Бардык эле аялдар эне болуу бакытына (медициналык көрсөткүчтөргө ылайык) ээ эмес. Азыркы учурдун талабына ылайык энелик генетикалык, жана социалдык аспектиде каралуусун эске алуу менен “эне болуу” түшүнүгүн “энелик” деп берүү зарыл.

Энелик маанилүү социалдык функцияны адамзат муунун улоочу катары гана эмес, өзүнүн мазмундук түзүмүнө социалдык функцияны да камтышын эске алуу керек (балдарды асыроо, тарбиялоо, ден-соолугу жөнүндө кам көрүү, билим алуусуна көмөк көрсөтүү жана башкалар).

***Үчүнчү бөлүм “Кыргыз Республикасында карын энеликти укуктук жөнгө салуу”*** деп аталып, карын энеликтин ченемдик укуктук негиздери каралган.

Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынан баштап өнүгүүдөгү илим, техника, медицина жана технологиялар мындай көйгөйлөрдү чечүүгө кудуреттүү экендигин көрсөттү. Тактап айтканда көмөкчү репродуктивдүү технологиялар (КРТ).

Карын энеликтин укуктук табиятынын бир канча талаш тартыштуу экендигин айта кетүү орундуу. Көптөгөн изилдөөчүлөр карын энеликти жарандык укуктук табияты менен мүнөздөшөт *[Трунова, Л. Материнство на заказ [Текст] / Л. Трунова // Домашний адвокат. - 2004. - № 18. - С.23]*. Бул жерде ата-энелик

жеке мүлктүк эмес укуктардын келишим боюнча кудуреттүү жубайларга өтүшү саналат.

Мына ошондуктан мындай келишимди кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдин бир түрү катары кароого болбойт. Айта кетүү орундуу, жарандардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик бекилиши толуккандуу кодекстен орун ала элек, негизги колдонулуучу түшүнүктөр арасында бирдейлик жок. Кээ бир репродуктивдүү укуктар укуктук ченемдерде каралган эмес, коллизиялык ченемдер көп кездешкен учурлар да арбын.

Диссертанттын оюу боюнча юридикалык техникага негизделип бланкеттик ыкма аркылуу жарандардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу шилтемелер жок, айрыкча атайын кабыл алынган мыйзамда.

Карын энеликте юридикалык жактан туугандык категориясын карасак төрөлгөн бала менен кудуреттүү ата-эненин арасында генетикалык байланыштар бар, ал эми карын эне менен биологиялык, социалдык байланыштары бар.

Карын энеликти укуктук жактан жөнгө салууда, бул чөйрөдөгү укуктук актылардын жетишээрлик жөнгө салынбашы, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде карын энелик түшүнүк гана каралып, ал өз алдынча жубайлардын укук жана милдеттерин аныктоочу беренелерде каралган эмес.

Диссертант бул бөлүм боюнча төмөнкү жыйынтыкка келген:

- Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын контекстинде «карын энелик» көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен медициналык жактан мүмкүнчүлүк жок болгон аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруучу механизм катары кызмат кылат.

- Кыргызстанда карын энеликти укуктук жактан жөнгө салууда улуттук менталдык, үй-бүлөлүк баалуулуктарды эске алуу менен ишке ашырылуусу зарыл.

- Учурдагы калыптанган коомдук мамилелерде карын энеликти ишке ашырууну колдонууда жубайларга артыкчылык берүү орундуу. Анткени төрөлгөн баланын толуккандуу үй-бүлөдө тарбияланууусуна, социалдашуусуна шарт түзөт.

- Карын энеликти жөнгө салууда адеп ахлактык баалуулуктардын айкалышын эске алуу менен, үй-бүлөнүн кылымдар бою калыптанган баалуулуктарын сактап, андан ары улантууга мүмкүнчүлүк жаратат.

Карын энеликти укуктук жактан жөнгө салууда эки тараптын кызыкчылыктарын баланын кызыкчылыктарынан кийин коюу зарыл.

Муну менен кудуреттүү ата-эненин балага карата укук милдеттерин Үй-бүлө кодексинде кадимки балдар менен теңдештирүү зарыл.

Эгерде кудуреттүү ата-энелер баладан баш таркан учурда анын 18 жашка чыкканга чейинки алименттик милдеттерин жүктөө менен, карын энеге аны асырап алуусуна артыкчылык берүү зарыл:

- Карын энеликти укуктук жактан жөнгө салууда анын түшүнүк аппаратын толуктоо менен укук жана милдеттерди толук аныктоо укук колдонуу практикасын жакшыртуу менен анын натыйжалуу иштөөсүнө мүмкүнчүлүк жаратат.

- Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинде мураскерлер чөйрөсүн көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен төрөлгөн баланын, эгерде бала карын энеде калса мураскордук укуктарын кадимки балдар менен теңдештирүү зарыл.

***Төртүнчү бөлүм "Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруу механизмдеринде жардамчы репродуктивдүү технологиялардын орду"*** деп аталып, анда азыркы мезгилдеги жардамчы репродуктивдүү технологиялардын укуктук жактары талдоого алынган.

Адам укуктары жана эркиндиктери эл аралык укуктун тутумунда өзгөчө орунга ээ экендиги талашсыз. Акыркы мезгилдерде репродуктивдүү тандоо укугун ишке ашыруу бир канча кызыгууну жаратат.

Юридикалык илим тарабынан бул жааттагы илимий изилдөөлөр 2000-жылдан баштап бир топ окумуштуулар арасында кызыгууну жаратып, илимий эмгектерди жаратууга шарт түздү.

Репродуктивдүү технологиялар чөйрөсүндө чет элдик тажрыйба бир аз алдыда экендиги талашсыз. Көптөгөн мамлекеттерде көмөкчү репродуктивдүү технологиялар өз алдынча ченемдик акт катары улуттук мыйзам актылар тутумунан орун алган.

Кээ бир өлкөлөрдө репродуктивдүү укуктар конституциялык мыйзам деңгээлинде жөнгө салынып адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумунан орун алган.

Мисалы Швейцариянын негизги мыйзамында, атап айтканда 119-беренеде репродуктивдүү медициналык жана гендик инженерия боюнча беренелер каралган.

Автордун оюу боюнча адамдын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда көмөкчү механизм катары кызмат кылат. Мына ошондуктан көмөкчү репродуктивдүү технологияларды колдонуу боюнча атайын мыйзам актысын кабыл алуу бул чөйрөдөгү мамилелерди:

- типтештирүүгө;
- бир тектүү жөнгө салууга;
- укук жана милдеттерди толук аныктоого;
- институционалдык жактан укуктук уюшумдук негиздерин түзүүгө;
- бул мамилеге катышуучулардын жоопкерчилигин аныктоого;
- репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруудагы ар кандай талаш тартыштарды жөнгө салууга;
- адам укуктарын жана эркиндиктерин, анын репродуктивдүү ден-соолугун сактоого;

- репродуктивдүү технологияларды колдонуунун укуктук базасын жаратууга;
- репродуктивдүү технологияларды колдонуунун сапатын жана натыйжалуулугун арттырууга шарт түзөт.

**Үчүнчү глава “Аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун абалы жана аны жакшыртуунун жолдору”** деп аталып эки бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүм «Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун абалы»*** деп аталып, анда Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын учурдагы абалы каралган.

Бүгүнкү күндө расмий статистиканын маалыматы боюнча иш жүзүндө саламаттык деңгээлининин бардык көрсөткүчтөрү боюнча абалдын начардыгы байкалат, соңку убактарда мындай начар жагдайлар да чыныгы көрүнүштү чагылдыра албай тургандыгы моюнга алынууда.

Мындай көрсөткүчтөр статистикалык маалыматтар менен бекемделет. Атап айтканда, энелердин оруусу жана өлүмү бир катар кооптуу экендиги талашсыз, ал туруктуу тенденцияга ээ болуп, жогору бойдон калууда. Энелик өлүмдүн түзүмүндө кош бойлуулуктун гипертензиялык формаларынын бузулушу саналат, акушердик кан агуу, наркоздук татаалдашуулар басымдуулук кылат.

Айта кетүү орундуу, бул факторлордун орун алышына төрөткө чейинки кызматтардын сапатынын төмөндүгү менен да түшүндүрүлөт. Сапаттуу медициналык кызмат менен камсыз болуунун жабдылышы жетишээрлик деңгээлде эмес.

Маанилүү факторлорго жашы жете элек балдардын репродуктивдүү ден-соолугун абалы да олуттуу таасирин тийгизет. Анткени алар калктын 7% пайызынан ашыгы башкача айтканда 353,7 миң адамды түзөт. Билим берүү мекемелериндеги жашы жете электердин репродуктивдүү ден-соолугун алдын алуу боюнча маалыматтык, агартуучулук ишмердүүлүк жакшы жолго коюлган эмес. Көптөгөн окуу жайларында бул иш чаралар формалдуу мүнөзгө ээ болуу менен кагаз бетинде калып келүүдө. Репродуктивдүү укуктар, репродуктивдүү ден-соолук боюнча атайын сабактар өтүлбөйт. Окуу куралдарын чыгаруу жакшы жолго коюлган эмес, айрыкча кыргыз тилинде жетишсиз.

Аларды бир канча стереотиптер менен мүнөздөөгө болот:

- бул көйгөйгө мамлекеттик органдардын түзүмү тарабынан жетишээрлик көңүл бөлүнбөстүгү;

- репродуктивдүү укуктар алардын ичинде репродуктивдүү укуктардын маани маңызы аларга жандашуу мамлекеттик саясат деңгээлинде чагылдырылбашы;

- көбүн эсе репродуктивдүү ден-соолук түзүмдүк органдар болгон саламаттыкты сактоо органдарына жүктөлүшү;

- көрсөтүлүп жаткан медициналык кызматтардын сапаты, аларга жетүүнүн мүмкүнчүлүгүнүн аздыгы (айрыкча аз камсыз болгон үй-бүлөлөр);

- репродуктивдүү ден-соолук боюнча анын ичинде аялдардын репродуктивдүү ден-соолугу боюнча мониторингдин жоктугу;

- репродуктивдүү ден-соолукка терс таасирин тийгизүүчү инфекциялардын өсүшүнүн жогорку деңгээлин келтирсек болот.

Калктын менталдык өзгөчөлүктөрү, салттары, маданияты, гендердик стереотиптер репродуктивдүү укуктарды ишке ашырууда айрыкча бул үй-бүлөнү пландаштырууда аялдардын мойнуна жүктөлүшүн келтирсек болот.

**Экинчи бөлүм** ***«Аялдардын репродуктивдүү укуктарын укуктук жактан жөнгө салуунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору»*** деп аталып, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуунун жана аны жакшыртуунун жолдору каралган.

Өлкөбүздө жүрүп жаткан социалдык-экономикалык реформалар аялдарга карата кошумча кепилдиктерди караганы менен аны сактоо практикасы бир канча олуттуу көйгөй экендиги турмуштук чындык катары келип чыгууда.

Алардын терс жактары төмөнкү факторлор менен мүнөздөлөт:

- мамлекеттик чечимдерди кабыл алууда аялдардын талап кылынбастыгы;

- социалдык экономикалык чөйрөдөгү аялдардын дискриминацияланышы;

- аялдардын ден-соолугунун, анын ичинде репродуктивдүү ден-соолукту коргоонун начарлашы;

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын толук ишке ашыруунун социалдык жактан аз камсыз болушу, айрыкча аярлуу катмар;

- аялдардын жеке коопсуздугунун камсыздандырылбаганы саналат.

Мына ошондуктан мамлекеттик социалдык экономикалык саясатты жүргүзүүдө бул факторлорду эске алуу менен ишке ашыруу бир канча натыйжалуу болот деп эсептейбиз.

Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу ченемдик укуктук жөнгө салуудагы бир топ боштуктарды толуктоо зарылчылыгын аныктайт.

Мына ошондуктан аялдардын репродуктивдуу укуктарын ишке ашырууда мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болгон укуктук саясаттын учурдун талаптарына ылайык адекваттуу чараларын иштеп чыгуу менен негизги багыттарды аныктоо зарыл, аларга:

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда социалдык, укуктук, финансылык, жана административдик ресурстарды натыйжалуу пайдалануу;

- аялдардын репродуктивдүү ден-соолугун камсыз кылууга багытталган чыгымдарын оптималдаштырууга;

- көмөкчү репродуктивдүү технологияларды колдонууда мамлекеттик-жеке өнөктүктүн жолдорун жакшыртуу;

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын коргоодогу укуккоргоо ишмердүүлүгүндөгү органдардын коррупциялык механизмдерин жоюу жана ага каршы туруунун адекваттуу чараларын иштеп чыгуу;

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүүчү мамлекеттик органдардын жана мекемелердин уюшумдук жана укуктук жактарын кайра карап чыгуу;

- мамлекеттик эмес көз карандысыз мекеме уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу;

- адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууда анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырылышын институционалдык көзөмөлгө алууну жакшыртуу (КР Акыйкатчысы);

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруунун концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу менен, мамлекет тарабынан атайын (аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууну өнүктүрүү) концепциянын кабыл алынышы системалуу, комплекстүү иштерди ырааттуу жүргүзүү менен натыйжалуулукту жогорулатуу;

- репродуктивдүү ден-соолукту сактоодогу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын, өзгөчө региондордо жогорулатуу;

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда теоретикалык илимий негизделген медициналык жана юридикалык концепцияларды калыптандыруу жана өнүктүрүү.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжаларды, негизги жоболорду жалпылоо менен төмөнкүдөй **негизги тыянактар** чыгарылды:

1. Аялдардын укук жана эркиндиктери диалектикалык өнүгүү менен маанилүү философиялык таанымдагы маанилүү категориялардын бири болуп, жалпыдан жекеге карай өнүгүү жолуна түшүп, укуктук тутумдагы жаңы багыттарды камтыган.

2. Аялдардын укук жана эркиндиктери үчүнчү муундагы адам укуктарын түзүп, аны өз алдынча кароо «жалпы ачык» кызыкчылыктардын орун алышы менен шартталып, гендердик, физиологиялык атайын өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарылчылыгынан келип чыккан.

3. Аялдардын репродуктивдүү укуктары жыйымдуу мүнөзгө ээ болуу менен адам укуктарынын курамдык бөлүгү болгон жашоого болгон укук, физикалык кол тийбестик, жеке турмуштун кол тийбестиги, теңдүүлүк принциби, ден-соолукту коргоо укуктары менен тыгыз байланышып анын түзүмдүк элементи болуп алардын өз ара байланышы аялдын сексуалдык жана репродуктивдүү укуктарынын кол тийбестиги, мажбур хирургиялык кийлигишүүнүн, стерилдештирүүнүн мүмкүн эместигин аныктайт, жеке үй-бүлөлүк турмуштун кол тийбестиги аялдын репродуктивдүү укуктарын ишке

ашырууда, донордун купуя сырдуулугун, репродуктивдүү укуктарды ишке ашырууда дарыгерлик сырды сактоо менен коштолот.

4. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын кароодо аны адам укуктары жана эркиндиктери тутумунда кароо усулдук жактан бир канча оңтойлуу. Анткени аялдардын укуктарын анын ичинде репродуктивдүү укуктарын адам укугунун бир элементи катары кароого толук негиз бар.

5. Аялдардын репродуктивдүү укуктар контекстинде энеликти үч аспектиде кароо зарыл: генетикалык, биологиялык жана социалдык.

6. Карын энеликти жөнгө салууда дүйнөлүк практикада ошондой эле КМШ мамлекеттеринин мыйзамдарында каралган жалпылуулуктарга ээ, аларга төмөндөгүлөрдү келтирсек болот:

- медициналык көрсөткүчтөрдүн болушу;
- келишимдик негизде жүргүзүлүшү;
- келишимдин нотариалдык бекемделиши;
- курактык чектер 20-40 жашка чейин;
- башка социалдык көрсөткүчтөр эч болбогондо бир баласы бар болуусу;
- карын энелик сый акы алуу менен жана акысыз болушу каралган.

7. Репродуктивдүү технологияларды колдонууда бир канча салмактуу мамиле жасоо зарыл.

Мына ошондуктан бир канча чектөөлөрдү киргизүү зарыл, атап айтканда: жардамчы репродуктивдүү технологияларды пайдалануу субъектилеринин чөйрөсүн аныктоо, репродуктивдүү технологияларды колдонуунун натыйжасында төрөлгөн балдардын ден-соолугун мониторинги, репродуктивдүү технологияларды колдонуу боюнча чектөө критерийлерин, ошондой эле бул технологияларды пайдалануунун натыйжасында келип чыккан кесепеттерге юридикалык жоопкерчилик механизмдерин аныктоо зарыл.

8. Укуктуу мамлекеттин шарттарында адам укуктары жана эркиндиктери анын ичинде жеке кол тийбестиги бир канча алдыңкы планга коюлса тилекке каршы көптөгөн учурларда аялдар ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүндө зомбулук аракеттерге дуушар болууда. Зомбулук аракеттердин ичинде аялдарга каршы кылмыштар бир канча орундуу экендиги тынчсызданууну жаратат.

9. Укук коргоо практикасындагы аялдарга каршы кылмыштуулуктун жалпы тенденцияларын өлкө боюнча мониторинг жүргүзүү менен бирдикте ар бир региондогу кылмыштуулуктун сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алдын алуу иштерин күчөтүү зарыл.

10. Дискриминациялык элементтердин терс жактары төмөнкү факторлор менен мүнөздөлөт:

- мамлекеттик чечимдерди кабыл алууда аялдардын талап кылынбастыгы;
- социалдык-экономикалык чөйрөдөгү аялдардын дискриминацияланышы;
- аялдардын ден-соолугунун, анын ичинде репродуктивдүү ден-соолукту коргоонун начарлашы;

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын толук ишке ашыруунун социалдык жактан аз камсыз болушу, айрыкча аярлуу катмар;

- аялдардын жеке коопсуздугунун камсыздандырылбаганы саналат.

Мына ошондуктан мамлекеттик социалдык-экономикалык саясатты жүргүзүүдө, бул факторлорду эске алуу менен ишке ашыруу бир канча натыйжалуу болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынышын жакшыртуу, алардагы карама каршылыктарды, боштуктарды жоюу, түшүнүк аппаратын кеңейтүү, жоопкерчилик негиздерин калыптандыруу максатында төмөнкү **практикалык сунуштар** иштелип чыкты:

1. Конституциянын 23-беренесинин биринчи абзацын Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды, анын эмбриондорун, ооциттерди (жыныс клеткаларын) соодалоого жол берилбейт деп толуктоо зарыл.

2. Репродуктивдүү технологияларды пайдалануу жакын туугандардын тууганчылык байланышында генетикалык аспект аркылуу кароо зарылчылыгын жаратат. Мына ошондуктан Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексиндеги 2-беренедеги негизги түшүнүктөргө толуктоо киргизүү зарыл.

Тактап айтканда, жакын туугандар - ата-энеси, балдары (анын ичинде репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен пайда болгон ата-энелик, ата, эне, балдары), асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таяне, неберелери;

репродуктивдик укуктар - жарандардын тукумун улоого, алардын репродуктивдик ден-соолугун коргоого жана никеси бар, же никеси жок бала төрөө (төрөтүү) же бала төрөөдөн (төрөтүүдөн) баш тартуу, бойго бүтүрүү жана бала төрөө ыкмалары тууралуу чечимдерди эркин кабыл алууга, ошондой эле бул чөйрөдө медициналык-социалдык, маалыматтык жана консультациялык жардам алууга карата укуктарын толуктоо зарыл.

3. КР КЖК 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктун абзацын каалабаган кош бойлуулукка алып келген деген сөздөн кийин же ошого тете «репродуктивдүү функциясынын бузулушуна» алып келсе деген сөз менен толуктоо зарыл.

4. КР КЖК 162-беренесиндеги сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер 2-бөлүгүнүн 2-пунктун өмүргө же ден-соолукка деген сөздөн кийин анын ичинде адамдын репродуктивдүү функциясынын бузулушуна коркунуч келтирген зомбулук көрсөтүү коркунучу менен коштолгон, деп толуктоо зарыл.

5. КР КЖК 156-беренедеги түйүлдүк менен тыюу салынган аракеттер боюнча өз алдынча квалификациялоочу беренени киргизүү зарыл.

Аны төмөнкүдөй редакцияда берүү керек:

$156^1$ Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдаланууда адамдын эмбрионун (донордун клеткасын) мыйзамсыз алууга мажбурлоо, пайдалануу;

Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу максатында пациенттердин клеткаларын (эмбриондорун) мажбурлап алуу, зомбулук көрсөтүү менен же зомбулук көрсөтүү коркунучу, же алдоо жолу менен жасалганда

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен же андай кылбастан I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат деп аныктоо зарыл.

6. $156^2$ Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен ишке ашырылуучу медициналык эрежелерди бузуу.

1) Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу процессинде пациенттин (донордун) же карын энениликти ишке ашырууда мыйзамдарда белгиленген шарттары жана тартиби бузулганда, бул байкабастыктан реципиенттин саламаттыгына оор же анча оор эмес залал келтиргенде, -

I категориядагы эркинен ажыратуу менен же болбосо белгилүү бир кызматты ээлөөгө же үч жылга чейин белгилүү бир иш менен алектенүүгө тыюу салууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар байкабастыктан реципиенттин өлүмүнө алып келсе, - II категориядагы эркидигинен ажыратуу менен белгилүү бир кызматты ээлөөгө же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир иш менен алектенүүгө тыюу салууга жазаланат деп аныктоо зарыл.

7. Жазык мыйзамынын 171 - беренесиндеги Адамдарды сатуу боюнча жоопкерчиликтин (3) бөлүгүнүн биринчи абзацын 1) "адамдан же өлгөн адамдан трансплантация үчүн органдарын же ткандарын көмөкчү репродуктивдүү технологияларда пайдалануу үчүн адамдын жыныс клеткаларын (ооциттерди) алуу максатында" деп толуктоо зарыл.

8. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 83-беренесиндеги врачтык сырды ачыкка чыгаруу төмөнкүдөй "көмөкчү технологияларды пайдалануу менен байланышкан" деген сөз менен толуктоо зарыл.

9. Жазык кодексинин 184-беренеси. Асырап алуунун, анын ата тегинин келип чыгуусун сырын ачыкка чыгаруу деп сыпаттоо менен мыйзамдын биринчи абзацын "Бала асырап алуучулардын эркине каршы бала асырап алуунун сырын, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу аркылуу ата тегинин келип чыгышы боюнча адамдын эркине каршы сырын ачып койгондо" деп толуктоо зарыл.

I категориядагы айып пул түрүндөгү жаза менен жазаланат.

10. Кыргыз Республикасынын "Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө" мыйзамын репродуктивдүү укуктар чөйрөсүндөгү түшүнүктөрдү толуктоо зарыл, тактап айтканда:

Мыйзамдын 1-беренесиндеги түшүнүктөргө репродуктивдик пациент, кудуреттүү ата-эне түшүнүгүн киргизүү зарыл;

Репродуктивдик пациент - тиешелүү медициналык документтерди жол-жоболоштуруу менен саламаттык сактоо уюмдары же жекече иштөөчү медициналык кызматкерлер тарабынан медициналык-санитардык, көмөкчү репродуктивдүү технологиялар аркылуу жардам көрсөтүлүүчү (кудуреттүү ата-эне, карын эне, жыныс клеткасынын донорлору) адам деп толуктоо зарыл.

Бул мыйзамды талдоодо ички карама каршылыктар орун алгандыгы ачыкка чыкты, тактап айтканда мыйзамдын 9-беренесинде репродуктивдүү тандоо укугу никеде жана никеде эмес жактардын укуктук мамилелеринен келип чыгаары каралган.

Ал эми ушул мыйзамдын карын энеликти колдонуудагы 18-беренесинин 5 жана 6 пункттары каршы келет, башкача айтканда бул жерде жубайлар гана көрсөтүлгөн. Бул карама каршылыкты жоюу максатында 5-пункттун биринчи абзацын Карын энеге эмбрионду салууга макулдук берген деген сөздөн кийин "жактар же жубайлар" деп толуктоо зарыл.

Ал эми 6-пункттун биринчи абзацын жактар жана өз ара никеде турушкан жана боюна көтөрүп жүрүү максатында башка аялга эмбрионду салуу келишимин түзгөн адамдар, бала төрөлгөн учурда жарандык абалдын актыларын жазуу китебине анын ата-энелери (атасы, энеси) болуп жазылышат деп.

Карын эне менен келишим түзгөн жактар, жубайлар жарандык абалдын актыларын жазуу китебине аны өздөрүнүн атына каттаткан учурга чейин баладан баш тартууга укугу жок деп толуктоо зарыл.

Бул өз кезегинде Кыргыз Республикасынын ченемдик актылар жөнүндө мыйзамынын 11-беренесинин 2-пунктуна каршы келет. Башкача айтканда ченемдик актыда ички ылайыкташуу жок.

11. Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө мыйзамынын 2-беренеси. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр жана аныктамалар репродуктивдүү ден-соолук түшүнүгү менен толуктоо зарыл, тактап айтканда: репродуктивдик ден-соолук - адамдын тукумун арбытып көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн аныктоочу дене бой, психикалык ден-соолугунун жана анын социалдык бакубаттуулугунун бүтүндөй абалы деп толуктоо зарыл.

12. Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамдын 19-беренесин "Саламаттык сактоодогу маалыматтык жана көмөкчү репродуктивдүү технологиялар" деп толуктоо зарыл.

13. Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамынын 15-беренесинин жетинчи абзацын жеке медициналык мекемелер деген сөздөн кийин анын ичинде көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жеке ишкерлер тарабынан жүзөгө ашырылуучу медициналык иш (жеке медициналык мекемелерде же болбосо жеке ишкерлерде жалданып же эмгек келишими боюнча иштеген медицина кызматкерлеринин ишин албаганда) деп толуктоо зарыл.

14. Кыргыз Республикасынын «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» мыйзамынын аталган мыйзамдын 11-беренесин:

Ченемдик укуктук актынын тексти адабий тилдин ченемдерин жана юридикалык терминологияны сактоо менен берилет. Ошондой эле кээ бир ченемдер медикализацияланган чендер, түшүнүктөр аркылуу берилиши мүмкүн деп толуктоо зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча**
**ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:**


1. Турсунбаева, Ч.М. Нормативно правовое закрепление репродуктивных прав женщин [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука образование и техника. - 2016. - №3-4. - С.136-139.

2. Турсунбаева, Ч.М. Закрепление репродуктивных прав в женщин в семейном законодательстве [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука образование и техника. - 2016. - №3-4. - С.139-143.

3. Турсунбаева, Ч.М. Правовое положение женщин в обычном праве кыргызов [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Вопросы современной юриспруденции. Сибак. - 2016. - №8-9. - С.75-80.

4. Турсунбаева, Ч.М. Система наказаний по обычному праву кыргызов. [Текст] / Ч.М. Турсунбаева, Б.А. Жусупов, Б.К. Сулайманова // Humanities and Social Sciences in Europe Achievements and Perspectives. – Vienna Austria, 26 January 2017 ISBN 13 978-3-903115-72-9-P.106-110.

5. Турсунбаева, Ч.М. Репродуктивные права женщин в системе прав человека [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // International Education Social Sciences and Humanities Research Conference Proceedings. - ST. LOUIS, USA, 2017. - P. 251-258. Электронный ресурс: scipro.ru

6. Турсунбаева, Ч.М. некоторые вопросы понятийной категории репродуктивных прав [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // International conference on modern researches in science and technology Conference Proceedings. - BERLIN, GERMANY, 2017. – P. 636-643. Электронный ресурс: scipro.ru

7. Турсунбаева, Ч.М. Кыргызстанда энеликти коргоонун укуктук абалы [Текст] / Ч.М. Турсунбаева, Б.А. Жусупов // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. - №12. – С. 111-113.

8. Турсунбаева, Ч.М. Энелик тууралуу түшүнүк [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2017. - №11. - С.144-145.

9. Турсунбаева, Ч.М. Уголовно-правовая охрана репродуктивных прав по новому уголовному кодексу Кыргызской Республики [Текст] / Ч.М. Турсунбаева, Б. А. Жусупов // Евразийское Научное Объединение. – 2019. - № 12(58), Ч.4. - С. 328-330.

10. Турсунбаева, Ч. М. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөөнүн кээ бир суроолору [Текст] / Ч.М. Турсунбаева, Б. А. Жусупов // Электронный журнал ВАК КР. - 2020. - №4 Ч.1 - С. 82-87. Электронный ресурс: http://journal.vak.kg/

11. Турсунбаева, Ч.М. Репродуктивные права женщин в системе прав человека [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Евразийское Научное Объединение. – М. 2020. - №6(64), Ч. 3. - С. 118-122.

**Турсунбаева Чолпон Манасовнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу” аттуу темада 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** адам укуктары жана эркиндиктери, аялдардын укуктары, репродуктивдүү укуктар, репродуктивдүү технологиялар, энелик, карын энелик, эмбрион, адамдардын саламаттыгы, ден-соолук, пациент, мыйзам, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп, Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуудан келип чыккан укуктук мамилелер саналышат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык концепциялары, эл аралык, улуттук стандарттары, аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуу боюнча эл аралык актылардын, келишимдердин, улуттук мыйзамдардын ченемдери жана принциптери, Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалы жана укуктук өнүгүү тенденциялары эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын, аларды ченемдик-укуктук жөнгө салуунун абалын жана тенденцияларын теориялык иштеп чыгуу жана бул чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдорун** илимий таанымдын ар түрдүү диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле юридикалык-логикалык, тарыхый, укуктук, салыштырма укуктук, тутумдуу талдоо ж.б. методдор түздү.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын илимий жаңылыгы:** биринчиден, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталган; экинчиден, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын мазмундук маңызы жана теоретикалык концепциялардын өзгөчөлүктөрү негизделген; үчүнчүдөн, аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык негиздери негизделген; төртүнчүдөн, энеликтин предметтик укуктук өз алдынчалуулугу жана обьективдүүлүгү аялдардын репродуктивдүү укуктарынын социологиялык концепциясына негиздүүлүгү аргументтелген; бешинчиден, карын энеликтин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү ачыкталган жана карын эне түшүнүгү сыпатталган; алтынчыдан, субьектилердин укуктук абалын эске алуу менен көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу чөйрөсүн ченемдик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар сыпатталган; жетинчиден, Кыргыз Республикасында репродуктивдүү укуктарды ченемдик жөнгө салуунун негизги тенденциялары белгиленген; сегизинчиден, Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун негизги көйгөйлөрү аныкталып, аны жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын илимий жыйынтыктары жана практикалык сунуштары аялдардын репродуктивдүү укуктарын укуктук ченемдик жөнгө салуунун концептуалдык жана методологиялык аспектерин иштеп чыгууда; Кыргыз Республикасында аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруучу улуттук мыйзамдарды жакшыртууда; укук колдонуу практикасында; жогорку окуу жайларда укуктук дисциплиналарды окуп үйрөнүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарда; Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүндө; жогорку окуу жайлардын окуу процессинде.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Турсунбаевой Чолпон Манасовны на тему "Нормативно-правовое регулирование репродуктивных прав женщин в Кыргызской Республике" на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве**

**Ключевые слова:** права и свободы человека, права женщин, репродуктивные права, репродуктивные технологии, материнство, суррогатное материнство, эмбрион, здоровье людей, здоровье, пациент, закон, нормативно-правовое регулирование репродуктивных прав женщин.

**Объектом исследования** являются общественные отношения, складывающиеся в сфере нормативно-правового регулирования репродуктивных прав женщин в Кыргызской Республике.

**Предметом исследования** являются теоретические концепции и международные, национальные стандарты репродуктивных прав женщин; нормы и принципы международно-правовых актов, соглашений и национального законодательства, регулирующие общественные отношения в сфере реализации репродуктивных прав женщин; состояние репродуктивных прав женщин в Кыргызской Республике и тенденции его правового развития.

**Целью исследования** являются теоретическая разработка репродуктивных прав женщин в Кыргызской Республике, состояния и тенденций их нормативно-правового регулирования и выработка практических рекомендаций по совершенствованию национального законодательства в данной сфере.

**Методы исследования:** различные методы научного познания, такие как диалектика, дедукция, индукция, синтез, а также юридические логические, исторические правовые, сравнительно-правовые методы, системный анализ.

**Полученные результаты и их научная новизна** заключается в том, что в работе, во-первых, определены основные характерные особенности становления и развития репродуктивных прав женщин; во-вторых, обоснованы особенности теоретических концепций репродуктивных прав женщин и их содержательная сущность; в-третьих, обоснованы теоретико-методологические основы исследования репродуктивных прав женщин; в-четвертых, аргументированы объективность и правовая предметная самостоятельность материнства и их обоснованность с точки зрения социологической концепции репродуктивных прав женщин; в-пятых, выявлены характерные особенности суррогатного материнства, сформулировано понятие суррогатного материнства; в-шестых, сформулированы предложения по совершенствованию нормативно-правового регулирования правовых отношений в сфере осуществления вспомогательных репродуктивных технологий с учетом правового положения их субъектов; в-седьмых, обозначены основные тенденции нормативного регулирования репродуктивных прав в Кыргызской Республике; в-восьмых, выявлены основные проблемы нормативного регулирования и сформулированы практические рекомендации по совершенствованию национального законодательства в сфере нормативно-правового регулирования репродуктивных прав женщин в Кыргызской Республике.

**Рекомендации по использованию**. Научные результаты и практические рекомендации диссертации могут использоваться в дальнейшей разработке концептуальных и методологических аспектов нормативно-правового регулирования репродуктивных прав женщин; при совершенствовании национального законодательства Кыргызской Республики в сфере реализации репродуктивных прав женщин; в правоприменительной практике правоохранительных органов; в преподавании соответствующих правовых дисциплин в ВУЗах.

**Область применения:** законодательство Кыргызской Республики, регулирующее отношения в сфере реализации репродуктивных прав женщин; деятельность правоохранительных органов Кыргызской Республики; учебный процесс в высших учебных заведениях.

## RESUME

**of Tursunbaeva Cholpon Manasovna's dissertation with a subject "Legal regulation of the reproductive rights of women in Kyrgyz Republic" performed for the degree of candidate of legal sciences in the specialty 12.00.01 – theory and history of law and state; history of law and state.**

**Key words:** human rights and freedom, rights of women, reproductive rights, reproductive technologies, motherhood, surrogacy, embryo, human health patient, law, legal regulation of the reproductive rights of women.

**Objects of dissertation researches** are international relationship, formed in the field of legal regulation of the reproductive rights of women in Kyrgyz Republic.

**Subjects of research are** theological concepts and international, national standards of reproductive rights of women; norms and principles of international acts, agreements and national legislation, which regulate public relationship in the field of realization of reproductive rights of women; condition of reproductive rights of women in Kyrgyz Republic and tendencies of it's legal development.

**Methods of research:** different methods of scientific knowledge, such as: deduction, induction, synthesis as well as legal, historical, comparative-legal methods and system analysis.

**The obtained results and their scientific novelty** lies in the fact that the work, firstly, substantiates the derivation of women's reproductive rights from human rights and freedoms, and their organic bond; secondly, the features of the theoretical concepts of women's reproductive rights and their substantive essence have been substantiated; third, the objectivity and legal substantive independence of motherhood and their validity from the point of view of the sociological concept of women's reproductive rights are argued; fourthly, the characteristic features of the rights and obligations associated with assisted reproductive technologies have been identified; fifthly, proposals were formulated to improve the legal regulation of legal relations in the field of assisted reproductive technologies, taking into account the legal status of their subjects; sixth, practical recommendations for improving national legislation in the field of legal regulation of the reproductive rights of women in the Kyrgyz Republic were substantiated and formulated.

**Recommendations for use.** The scientific results and practical recommendations of the dissertation can be used in the further development of conceptual and methodological aspects of the legal regulation of the reproductive rights of women; while improving the national legislation of the Kyrgyz Republic in the sphere of realization of the reproductive rights of women; in the law enforcement practice of law enforcement agencies; in teaching relevant legal disciplines in universities.

**Scope**: the legislation of the Kyrgyz Republic regulating relations in the sphere of realization of women's reproductive rights; activities of law enforcement agencies of the Kyrgyz Republic; educational process in higher educational institutions.

Басууга берилди: 13.05.2021-ж.
Форматы: 60x84 1/16
Көлөмү: 1,5 б.т.
Буюртма: №27
Нускасы: 100 даана

«Book-дизайн» компьютердик кызматында басылды
Ош шаары, И. Сулайманов к. 3